**Узбекова Самаранын "Немис тилиндеги элементардык сүйлөмдөрдүн типологиясы» (кыргыз тилиндеги сүйлөмдөр менен синхрондук салыштыруу) аттуу 10.02.20- салыштырма-тарыхый, типологиялык жана тектештирме тил илими адистиги боюнча кандидаттык илимий даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясына илимий жетекчинин**

## ПИКИРИ

Узбекова Самаранын диссертациялык изилдөөсү азыркы немис тилиндеги элементардык сүйлөмдөрдүн типологиясына арналган. Диссертант герман жана түрк тилдериндеги жөнөкөй сүйлөмдөр маселесине арналган илимий изилдөөлөргө серп салып, салыштырма аспектидеги лингвистикалык иликтөөлөр менен кеңири таанышып чыкты. Немис жана кыргыз тилдеринин салыштыруу боюнча бир топ иштер аткарылган, ал эми немис тилиндеги элементардык сүйлөмдөрдүн кыргыз тилиндеги шайкештиги жана айырмачылыгы атайын илимий негизде салыштырылып каралган эмес.

Кыргыз тилинин салыштырма типологиясы акыркы мезгилде абдан өркүндөп жаткан учуру. Кыргыз жана немис тилин салыштырууда, көбүнчө, синтаксис маселеси көңүл чордонунда болгонун байкоого болот. Синтаксис тилдин эң бир татаал, көп кырдуу бөлүмү саналат. Ошондуктан эки тилдин ички грамматикалык түзүлүшүн аныктоодо синтаксистик маселелер негизги мааниге ээ.

Бул диссертацияда немис жана кыргыз тилдериндеги элементардык сүйлөмдөр талдоого алынат. Салыштырылып жаткан тилдер генетикалык жана типологиялык жактан бири-биринен айырмаланат. Бул иштин актуалдуулугун айгинелейт. Иш төрт бөлүмдөн, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

Биринчи бөлүмдө немис жана кыргыз тилдериндеги элементардык сүйлөмдөрдүн мүнөзүнө анализ берилет да, эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөм,

сүйлөмдүн логика-грамматикалык ядросу, толук жана кемтик сүйлөмдөрдүн окшош жана айырмачылыктары көрсөтүлөт.

Экинчи бөлүмдө иштин теориялык маселелери, методдору жана методологиясы талдоого алынат.

Үчүнчү бөлүм "Немис жана кыргыз тилдериндеги элементардык сүйлөмдөрдүн мүнөзү" деп аталып, эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөм, сүйлөмдүн логика-грамматикалык ядросу, толук жана кемтик сүйлөмдөр, бир тутумдуу сүйлөмдөр, сүйлөмдөрдүн айтылыш максатына карай мүнөздөлүшү, немис жана кыргыз тилдериндеги жай сүйлөмдөр, немис жана кыргыз тилдериндеги суроолуу сүйлөмдөр, немис жана кыргыз тилдериндеги илептүү сүйлөмдөр, немис жана кыргыз тилдериндеги буйрук сүйлөмдөр талдоого алынат.

Төртүнчү бөлүм "Сүйлөмдүн логика-грамматикалык ядросунун синтаксистик ролу" сүйлөмдүн структуралык өзгөчөлүгү, сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүнүн классификациясынын принциптери, элементардык сүйлөмдөрдөгү синтаксистик процесстер жана алардын моделдери, немис жана кыргыз тилдериндеги тануу маанисиндеги сүйлөмдөр каралат.

Жыйынтыктап айтканда, илимий жетекчи катары **Узбекова Самаранын "Немис тилиндеги элементардык сүйлөмдөрдүн типологиясы (кыргыз тилиндеги сүйлөмдөр менен синхрондук салыштыруу)"** деген темадагы диссертациясынын мазмуну Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына жооп берет деп айтууга негиз бар жана коргоого сунуштайм.

**Илимий жетекчи**
**филология илимдеринин кандидаты**
**профессор** **Кадыркулова Ф.Д.**

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«____»______________20____ж.